КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

21-май 2026-жыл № 1 Совет айылы

**Жер участогунун категориясын өзгөртүүгө (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 20-майында № 01-6/122 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13, 18, 20, 22-беренелерин, Кыргыз Республикасынын "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун жетекчиликке алып, таза суу чыгаруучу курулма куруу максатында Кызыл-Октябрь айылындагы 2,0 га жер аянты боюнча райондук мамлекеттик администрация тарабынан түзүлгөн комиссиянын корутундусун эске алуу менен, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кенеш айыл өкмөтүнүн Кызыл-Октябрь айылындагы 2,0 га жер аянтын "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Аталган жер аянтына таза суу чыгаруучу курулма куруу боюнча тиешелүү документтерди мыйзам талаптарына ылайык тариздөө Кенеш айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.
4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзмдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Э.О.Оморов